# Ош Мамлекеттик Университети
# Эл аралык медицина факультетинин Окумуштуулар кеңешинин жыйынынын
# №4 ПРОТОКОЛУ

*26.12.22. Ош шаары*

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы: *м.и.д.,проф. Калматов Р.К.*
Окумуштуулар кеңешинин катчысы: *б.и.к., доцент Ташматова Н.М.*
Катышкандар: 16, *5-онлайн*
Себептүү катышпагандар: 3
Себепсиз катышпагандар: *9*
Чакырылгандар: *жок*

## КҮН ТАРТИБИ:

1. **Эл аралык медицина факультетинин 2022 - календардык жылына карата илимий-изилдөө жана эл аралык байланыш иштеринин жыйынтыктарын анализдөө жана алдыдагы милдет-максаттары жөнүндө. (баяндамачы: Ташматова Н.М.)**

2. **АГНФ, КД2, ПБКФ кафедраларынын окуу-усулдук, процесстеринин жана илимий изилдөө иштерин уюштуруунун абалы (баяндамачы: комиссия)**

3. **Конкурстук шайлоо.**

4. **Ар түрдүү маселелер.**

*Кыргыз Республикасынын Гимни угулду.*

**1. Эл аралык медицина факультетинин 2022 - календардык жылына карата илимий-изилдөө жана эл аралык байланыш иштеринин жыйынтыктарын анализдөө жана алдыдагы милдет- максаттары жөнүндө. (баяндамачы: Ташматова Н.М.)**

**Угулду:** Окумуштуулар кеңешинин төрагасы: м.и.д.,проф. Р.К. Калматов күн тартиби менен тааныштырды жана регламент бекитилди жана биринчи маселе Эл аралык медицина факультетинин 2022 - календардык жылына карата илимий-изилдөө жана эл аралык байланыш иштеринин жыйынтыктарын анализдөө жана алдыдагы милдет-максаттары жөнүндө сөздү факультеттин 2022-жыл илимий иштер боюнча декандын орун басары болгон Ташматова Н.М. берди.

**Ташматова Н.М.** баяндама жасады (Ташматова Назгул Маматумаровнанын презентациясы тиркелет).

**Талкуу:**

**Талкууга**

**Талкуу:**

**Чыгып сүйлогөндөр:**

**Калматов Р.К**.: Талкууга өтөбүз. Кимде сөз бар?

доценттер Момунова А.А, Турусбекова А.К, Джумаева Л.М., Маматова С.М. катышып, Эл аралык медицина факультетинин Окумуштуулар Кеңешинин **Эл аралык** медицина факультетинин 2022 – календардык жылына карата илимий-изилдөө жана эл аралык байланыш иштеринин жыйынтыктарын анализдөө жана алдыдагы милдет-максаттары жөнүндө маселе боюнча жогорудагы талкууну эске алып,

**ТОКТОМ кылат:**

1. Эл аралык медицина факультетинин илимий жана эл аралык байланыш иштеринин жыйынтыгы канааттандыраарлык деп табылсын.
2. Кафедралардагы ПО курамдын сапаттык көрсөткүчүн көтөрүү үчүн иш алып барылсын жана илимий багыты боюнча катталуу картасын алышсын
3. ПО курамдын ар бир мүчөсү боюнча улуттук жана QS глобалдык рейтингдерине кошкон салымын жана РИНЦ, Scopus, Web of Science илимий метрикалык базаларга катталсын жана аны контролдоо кафедра башчыларана жүктөлсүн;
4. Профессордук-окутуучулук курамдын, аспиранттардын, докторанттардын, магистранттардын жана студенттердин илимий, илимий-методикалык эмгектерин «Web of Science», «Scopus» системалары аркылуу индекстелүүчү илимий басылмаларда жарыкка чыгарууну улантылсын;
5. Жогоруда аталган иш-чаралардын аткарылышын көзөмөлдөө эл аралык медицина факультетинин илимий иштер жана эл аралык байланыш боюнча декандын орун басары Эсенгельди кызы Айжамалга жүктөлсүн.

**2. АГНФ, КД2, ПБКФ кафедраларынын окуу-усулдук, процесстеринин жана илимий изилдөө иштерин уюштуруунун абалы.**

**Угулду:** Окумуштуулар кеңешинин төрагасы: м.и.д.,проф. Р.К. Калматов 2-маселе менен тааныштырып, регламент бекитилди жана АГНФ, КД2, ПБКФ кафедраларынын окуу-усулдук, процесстеринин жана илимий изилдөө иштерин уюштуруунун абалынын анализи боюнча комиссияга сөз берди.

**Момунова А.А. баяндама жасады.**

**Калматов Р.К**.: Кимде суроо бар?

**Талкуу:**

**Чыгып сүйлогөндөр:**

Доценттер Джолдубаев С.Ж., Турусбекова А.К, Джумаева Л.М., Маматова С.М**:** Комиссияга чоң рахмат. Эскетүүлөрдү кабыл алдык. Жакшы иш болду.

Эл аралык медицина факультетинин Окумуштуулар Кеңешинин АГНФ, КД2, ПБКФ кафедраларынын окуу-усулдук, процесстеринин жана илимий изилдөө иштерин уюштуруунун абалы маселе боюнча жогорудагы талкууну, сунуштарды эске алып,

**ТОКТОМ кылат:**

1. Факультеттин өз ара текшерүү боюнча түзүлгөн комиссиянын билдирүүсү эске алынсын.

2. Кафедралардагы ПО курамдын сапаттык көрсөткүчүн жана академиялык мобилдүүлүгүн жогорулатуу, сайттарды толуктоо, тобокелчиликтерди башкарууга жана НББП ишке ашырууда ылайык келбегендиктерге талдоо жүргүзүү, кафедра башчылар иш-аракеттерге туруктуу мониторингди жана менен бардык иш-чаралардын натыйжалуулугун көрсөтүүнү талдоону камсыз кылсын ж.б. комиссиянын сунушу боюнча 2023-жылдын 1-июнуна чейин ишке ашырылсын;

3. Элективдик дисциплиналар базасы 2023-жылдын 3-мартына чейин жогорулатылсын.

4. Комиссиянын сунуштары боюнча, ар бир кафедра башчысы эскертүүлөрдү эске алып, кылынган иштери боюнча кайтарым байланыш катары мониторнгден кийинки отчет берилсин;

5. Билим берүүнүн заманбап теориясынын негизинде инновациялык билим берүү технологияларын чоңдор үчүн 2023-жылдын 2-февралына чейин киргизилсин;

6. Бул токтомдордун аткарылышы кафедра башчыларына милдеттендирилсин жана көзөмөлдөө окуу иштери боюнча декандын орун басарлары Л.М. Джумаева жана И.Ж. Исмаиловго жүктөлсүн.

**3. Улук окутуучулук ваканттык кызматка конкурстук шайлоо**

**Угулду:** Окумуштуулар кеңешинин төрагасы: м.и.д.,проф. Р.К. Калматов күн тартиби менен тааныштырды жана эсептөө комиссиясын шайлап алууну сунуштады. Комиссияга Бугубаева М.М., м.и.к., доцент, Пайзилдаев Т.Р., улук окутуусу жана Салиева Р.Ш., улук окутуучу сунушталды.

Эл аралык медицина факультетинин Окумуштуулар кеңешинин 29 мүчөсүнөн 16 мүчөсү жыйынга катышып, добуш берүүгө 16 мүчөсү катышып, коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо кафедрасынын улук окутуучу ваканттык кызмат ордуна шайланганы Жанадилова Гулзат Жанадиловна

Конкурстук шайлоонун жыйынтыгы:
“макул”-16
“каршы”-0
“жараксыз деп табылган”-жок

Жашыруун добуш берүүнүн жыйынтыгы боюнча Эл аралык медицина факультетинин Окумуштуулар Кеңеши

**ТОКТОМ кылат:**

1. Окумуштуулар кеңешинин кворуму болуп, Окумуштуулар кеңешинин добуш берүүгө катышкан 16 мүчөсүнөн 16 мүчөсү макул добуш берүүнүн негизинде Жанадилова Гулзат Жанадилова улук окутуучу ордуна шайланды деп эсептелсин.

2. Бул токтомду бекитүү жагы ОшМУнун ректорунан суралсын.

**4. Ар түрдүү маселелер**

4.1. Эл аралык медицина факультетинин КД1 кафедрасынын ПО курамы: С.М. Маматова, А. Эсенгелди кызы, Р.Ш. Салиева, Ж.А. Эсеналиева, А. Мырзабек кызы тарабынан даярдалган “Bleeding disorders” деп аталган окуу-методикалык пособиесин басмадан чыгарууга сунуштоо.

**Угулду:**

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы: м.и.д.,проф. Р.К. Калматов ар түрдүү маселе боюнча ОшМУнун Эл аралык медицина факультетинин КД1 кафедрасынын ПО курамы: С.М. Маматова, А. Эсенгелди кызы, Р.Ш. Салиева, Ж.А. Эсеналиева, А. Мырзабек кызы тарабынан даярдалган “Bleeding disorders” деп аталган окуу-методикалык пособиесин басмадан чыгарууга сунуштоо жөнүндө билдирүү жасады.

**Талкуу:**

м.и.к., доценттер:, С.Ж.Джолдубаев, Р.А. Ысмаилова, А.К. Турусбекова, М.М. Бугубаевалар жарыш сөзгө чыгып, сүйлөшүп, басмадан чыгарууга сунушташты.

Жогорудагы жарыш сөздөрдү негизинде окуу-методикалык пособиесин басмага сунуштоо боюнча

**ТОКТОМ кылат:**

1. Эл аралык медицина факультетинин КД1 кафедрасынын ПО курамы: С.М. Маматова, А. Эсенгелди кызы, Р.Ш. Салиева, Ж.А. Эсеналиева, А. Мырзабек кызы тарабынан даярдалган “Bleeding disorders” деп аталган окуу-методикалык пособиеси басмадан чыгарууга сунушталсын;

2. ОшМУнун Окумуштуулар кеңешине сунушталсын.

4.2. Эл аралык медицина факультетинин коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо кафедрасынын ПО курамы: С.Т. Жолдошев, А.К. Турусбекова, Б.Т. Абдимомунова жана М.К. Нуруев тарабынан даярдалган “Клиника, диагностика и лечение короновирусной инфекции (COVID-19)” деп аталган методикалык пособиесин басмадан чыгарууга сунуштоо.

**Угулду:**

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы: м.и.д.,проф. Р.К. Калматов ар түрдүү маселе боюнча ОшМУнун Эл аралык медицина факультетинин коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо кафедрасынын ПО курамы: С.Т. Жолдошев, А.К. Турусбекова, Б.Т. Абдимомунова жана М.К. Нуруев тарабынан даярдалган “Клиника, диагностика и лечение короновирусной инфекции (COVID-19)” деп аталган методикалык пособиесин басмадан чыгарууга сунуштоо жөнүндө билдирүү жасады.

**Талкуу:**

м.и.к., доценттер:, С.Ж.Джолдубаев, Р.А. Ысмаилова, А.К. Турусбекова, М.М. Бугубаевалар жарыш сөзгө чыгып, сүйлөшүп, басмадан чыгарууга сунушташты.

Жогорудагы жарыш сөздөрдү негизинде методикалык пособиесин басмага сунуштоо боюнча

**ТОКТОМ кылат:**

3. Эл аралык медицина факультетинин коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо кафедрасынын ПО курамы: С.Т. Жолдошев, А.К. Турусбекова, Б.Т. Абдимомунова жана М.К. Нуруев тарабынан даярдалган “Клиника, диагностика и лечение короновирусной инфекции (COVID-19)” деп аталган методикалык пособиесин басмадан чыгарууга сунушталсын;

4. ОшМУнун Окумуштуулар кеңешине сунушталсын.

Окумуштуулар Кеңешинин
төрагасы, профессор: Р.К. Калматов

Окумуштуулар Кеңешинин катчысы: Н.М. Ташматова